# Түрк мамлекеттер уюмунун 12- Саммити Азербайжандын Габала шаарында өтөт

2025-жылдын 7-октябрында Азербайжандын Габала шаарында Түрк мамлекеттер уюмунун (ТМУ) Мамлекет башчылары кеңешинин 12-Саммити “Аймактык тынчтык жана коопсуздук” темасы алдында өтөт.

Бул ири иш-чарага ТМУга мүчө мамлекеттердин жана байкоочу өлкөлөрдүн Мамлекет жана Өкмөт башчылары, ошондой эле жогорку деңгээлдеги делегациялар катышып, аймактык жана эл аралык маанидеги маселелер талкууланат. Саммит түрк дүйнөсүндө кызматташууну чыңдоого, тынчтыкты жана бакубатчылыкты жайылтууга багытталган маанилүү чечимдер кабыл алынуучу олуттуу платформа болуп саналат.

Жыйындын алдында ТМУнун Тышкы иштер министрлер кеңешинин жыйыны да өткөрүлөт.

Азербайжандын тарыхый шаары Габалада өтө турган бул маанилүү жыйын өткөн менен бүгүнкү күндүн байланышын даңазалап, түрк мамлекеттеринин ортосундагы достукту, бир туугандыкты, ынтымакты жана өнөктөштүктү мындан ары да бекемдөөгө багытталган орток эркти чагылдырат.